# М А А Л Ы М А Т

**3. (Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТнан (КГОР) №5 саны менен чыгышталып келген маалымат боюнча)**

**20.06.2021-жылы №5** саны менен чыгышталып Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Osh.kgor@mail.ru электрондук почтасынан "20.06.2021-жылы "Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТнан "[redacted] аттуу атуул [redacted] сандуу абоненттик номерден "Беспредел" маалымат агенттигинин баракчасында Ош шаарынын "Туран" кичи шаарчасында "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясы тарабынан үгүт иштери башталгандыгын жана шайлоочулардын добушун сатып алуу иш аракеттери"" жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу,

Жарыяланган маалыматта Ош шаарынын вице мери [redacted] түнкү убакта (түнкү саат 02.00), Ош шаарынын Туран кичи шаарчасында (УИК 5272) "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясын колдоп коюга үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө маалымат бергендигин билдиришкен.

Аталган маалымат 2021-жылдын 21-июнь күнү Ош шаардык ИИБдин МЭЖна 02-041-2021-001589 саны менен каттоого алынган.

Бул факты боюнча текшерүү жүргүзүү учурунда, Ош шаарынын Манас көчөсүнүн [redacted]-үйүнүн жашоочусу, атайын жогорку билимдүү, үй-бүлөөлү [redacted] баланын атасы, мурда соттолбогон, Ош шаарынын №1 МАБнын №6 квартал комитетинин башчысы [redacted]-жылы туулган [redacted] түшүнүк кат алынып, ал "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын мурдагы тактап айтканда 11.04.2021-жылы болгон шайлоодо №5272 шайлоо участкасында штаб башчысы болгондугун, бул жолку шайлоодо эч кандай партияларга тийешеси жоктугун, жөн гана квартал комитети кызматта иштеп жатканын, Туран кичи шаарчасында өзү тейлеген аймакта шайлоо өнөктүгү башталa электигин билдирген.

Ал эми Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТнан аталган маалыматты жүктөгөн [redacted] тушүнүк катында, мындан 2-3 күн мурда Фейсбук социалдык тармагынын "Беспредел" профилине чыккан маалыматты Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТна (КГОР) маалымат катарында алардын да бул маалыматты билүүсү керек деген ой менен жиберип койгондугун билдирген.

Ал шайлоо боюнча добуш сатып алуу же [redacted] тарабынан мыйзам бузуучулуктар болгонун билбегендигин билдирген.

Ош шаарынын вице мэри [redacted] ден соолугуна байланыштуу "Ковид 19" жугуштуу оорусу менен ооруканада даарыланып жаткандыгы такталып, аны менен телефон аркылуу байланышканда, ал 20.06.2021-жылы Туран кичи шаарчасына барбагандыгын, ал күнү башка жакта болгонун далилдеп берерин билдирген.

Жогорудагылардын негизинде, 22.06.2021-жылы топтолгон материал №32/3-5860 саны менен чыгышталып БжКнин 44-беренесинин негизинде чечим кабыл алуу үчүн Ош шаардык АШКна жиберилген [redacted]

**Ош шаардык ИИБнын**
**Тергөө кызматы**